Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg
# Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"
№23 [16981] ИШЕМБИ, 06/09/2025

## Президент Садыр Жапаров "Өзгөн – Мырза-Аке – Кара-Кулжа" жолун ачты



2-бетте

## Эми Жалал-Абад – "Манас" шаары деп аталат



5-бетте

## "МЕДИГОСТОГУ" МЭЭРИМДҮҮ АК ХАЛАТЧАНДАР



4-бетте

## Ырдын пири- Рыспай Айта берсе сөз түгөнбөйт го ов!



6-бетте

## ОшМУда Билим күнү белгиленди



2-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
М.Өмүрзакова

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 1103**
**Нускасы: 1700**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Президент Садыр Жапаров “Өзгөн – Мырза-Аке – Кара-Кулжа” жолун ачты



Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров бүгүн, 29-августта, капиталдык оңдоодон өткөн “Өзгөн – Мырза-Аке – Кара-Кулжа” жолун ачты.

Мамлекет башчы өз сөзүндө стратегиялык маанидеги жолдорду, эл аралык коридорлорду, мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги жолдорду салуу максаты коюлганын белгиледи.

“Буга чейин жолдорубуз насыяга, чет элдик компаниялардын жардамы менен салынып келсе, эми жолдордун дээрлик 80 пайызы мамлекеттик бюджеттин эсебинен, ата мекендик ишканалар тарабынан курула баштады”, - деди ал.

Учурунда мамлекеттин алдында өлкөнүн көз карандысыздыгын, мамлекеттин бүтүндүгүн чындоо максатында чек араларды тактоо, өлкө бюджетин арттыруу менен өзүнүн күнүмдүк турмушуна эптеп жеткен бюджеттик мекемелердеги эмгек акыларды көтөрүү сындуу бир катар чоңчоң көйгөйлөр турганын белгилеп өттү.

Ал ошондой эле мындай негизги көйгөйлөр менен катар өлкө экономикасын жандандыруу маселесинде дал ушул союздан калган жолдорубузду оңдоо муктаждыгы дагы күн тартибине чыкканын кошумчалады. Мындан улам, өлкөбүздө жол-транспорт тармагын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулууда.

Ал Транспорт жана коммуникациялар министрлигине стратегиялык жана жергиликтүү маанидеги жолдорду оңдоо жана реконструкция боюнча масштабдуу



иштерди аткарууну тапшырганын баса белгиледи.

Президент өлкөбүздүн аймагында көптөгөн жолдор өз милдетин эчак эле ашыкча аткарып, эми жедеп жыртылып, жамап-жаскоого да жарабай калганын ырастады. Өлкө ичинде автоунаалардын саны арбыган сайын эски жолдорубуз таптакыр жараксыз болуп калган.

“Өзгөн – Мырза-Аке – Кара-Кулжа” жолу дагы мына ошондой жолдордун бири эле. Ал биринчи кезекте, облустун райондор аралык жол каттамдарындагы кыйынчылыктарын четтетүү, ошол эле маалда облустун социалдык-экономикалык байланыштарын арттыруу милдети коюлганына басым жасады. Жолдордун инфратүзүмүн жакшыртуу максатында өлкөнү Турукташтыруу фондунан “Ош – Баткен – Раззаков” жолунун “Ноокат – Кызыл-Кыя” бөлүгүнө жана “Өзгөн – Мырза-Аке – Кара-Кулжа” жолуна кошумча 4 миллиард сом бөлүү чечими кабыл алынган. Натыйжада “Өзгөн – Мырза-Аке – Кара-Кулжа” жолу бүгүн расмий түрдө колдонууга берилип олтурат.

Мындан тышкары, Садыр Жапаров “Ош – Кара-Суу” жолун оңдоо колго алынганын, кийинки жылы “Кара-Кулжа – Алай” райондорун бириктирген жол каттамына көңүл буруларын кошумчалады. Ал бүгүнкү күндө бул “Өзгөн – Мырза-Аке – Кара-Кулжа” жолунун 34 чакырымы капиталдык оңдоодон өтүп, заман талабына ылайык жол салынганын белгиледи. 4 айдын ичинде жол толугу менен оңдолуп-түзөлүп, элибиздин колдонуусуна берилген.

Президент бул долбоордун ишке ашырылышы менен жарандар үчүн, айрыкча, Кара-Кулжа, Мырза-Аке, Өзгөн элинин ары-бери каттоосу кыйла жеңилдеп, соода-сатык жанданып, экономикалык жана социалдык байланыштарга жаңы дем берет деген ишенимин билдирди. Каттам убактысы үнөмдөлүп, элдин турмушунун жакшырышына, жергиликтүү өндүрүш, ишкердик жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өнүгүшүнө өбөлгө түзүлөт.

Садыр Жапаров бул тармакта эмгектенген ар бир жолчу жана транспорт кызматкери өз ишине терең жоопкерчилик менен мамиле кылып, сапаты жана мөөнөтүнө дыкат көңүл бурганын баса белгиледи. Жолчулардын чыдамкайлык, кесипкөйлүк жана талыкпас эмгеги аркылуу ири долбоорлор ишке ашып отурат. Мындан улам, ал жол тармагынын кызматкерлерине ыраазычылык билдирди.

Президент негизги максат жолдорду, социалдык объектилерди жаңыртуу, өндүрүш ишканаларын куруу менен бирге, ар бир жаран үчүн ыңгайлуу, коопсуз жана заманбап жашоо шарттарын түзүү болуп саналарын ырастады. Аймактардын өнүгүүсү бара-бара жалпы улуттук өнүгүүнүн өзөгүн түзөт. Ал мындай иштер мындан ары да бардык аймактарда улана берет деп белгиледи. Мамлекет башчысы райондордо мурдагыдай эле акыбал начар экенин: жолдор жаман, ооруканалар эски, айрым айылдарда мектептердин абалы да канааттандырарлык эместигин айтты.

Садыр Жапаров мамлекет жакынкы жылдары ошол аймактарга да жетерине ишендирди: жолдор салынып, ооруканалар курулуп, мектептер жаңыланат. Буга байланыштуу ал алыскы аймактардагы жарандардан бир аз чыдап турууну суранды. “Алдыда келе жаткан жылдары айылдарга эле эмес, алыскы жайлоолорго чейин асфальт жеткиребиз”, - деди ал.

Президент Садыр Жапаров бул үчүн мамлекеттин күчү да, каражаты да жетерин, тек гана убакыт керектигин баса белгиледи.

**К.Кыдыралиева.**

# ОшМУда Билим күнү белгиленди

1-сентябрда Кыргызстанда Билим күнү белгиленүүдө. Ош мамлекеттик университетинин башкы имаратында өткөн жыйынга ректор Кудайберди Кожобеков баштаган профессордук-окутуучулук курам, студенттер катышты.

Кожобеков окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамын жана университеттин босогосун алгач аттап жаткан студенттерди билим майрамы жана өлкө аймагында чоң салтанат менен белгиленген Эгемендүүлүктүн 34 жылдыгы менен куттуктады. Ректор 2024-2025-окуу жылында университетте аткарылган иштер, ийгиликтер менен бөлүшүп, жаңы окуу жылына алдыга коюлган максаттар менен тааныштырды.

“Биздин бийик максатыбыз – билим сапатын арттырып, дүйнөлүк стандарттагы төртүнчү муундагы университетке айлануу. Алдыда дагы чоң мүмкүнчүлүктөр турат. Коюлган максаттарга жетүү үчүн биримдиктүү аракет, тынымсыз изденүү жана жаңыланууга даяр болуу бүгүнкү күндүн негизги талабы”,-деди Кудайберди Кожобеков.

Жыйында окуу жайдын ардактуу профессорлору Салы Каримов, Гулбадан Матиева, Идирис Кенжаев жалпы жамаатка, университеттин босогосун алгач ирет аттап жаткан студенттерге каалоо-тилектерин жолдоду. Алдыга бийик максаттарды коюп, ага жетүүгө талыкпаган билим жана аракет жасоо керектигин белгилешти.

1-курстун студенттерин жалпы студенттердин атынан алдыңкы студенттер да куттуктап талыкпай билим алууга, келечекте мыкты, кесипкөй адис болууга чакырышты.

Билим күнүнө арналган жыйындар ОшМУнун бардык факультеттеринде, колледждеринде, лицейлеринде, гимназияларында да болуп, алардын ар бирине атайын ректораттан өкүлдөр катышты. Жамаатка ректор Кудайберди Кожобековдун кайрылуусу жеткирилди. Учурда бардык факультет, колледж, лицейлерде, гиназияларда окуу процесси башталды.

**Зинагул Нуралиева,**
**ОшМУнун басма сөз катчысы.**

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК КҮНГӨ ЭЛДИН КҮТКӨНҮ АТКАРЫЛДЫ

**Кыргыз элинде "Жер тамырынан, эл тамыры" деген накыл кеп бар. Ушул өңүттөн баам салганда "Жолоочунун жолдогусу жакшы" деген кеп да аргасыздан жан дүйнөңдө дүрт этет.**

Азыркы масштаптуу кыймылды эске алганда кечээ 31-август 2025-жылдагы өлкөбүздүн эгемендүүлүк күнүнө карата бүткөрүлгөн Өзгөн-Мырза-Аке-Кара-Кулжа эл аралык деңгээлдеги авто каттам жолунун толук кайра оңдоо талабы менен бүткөрүлгөндүгү өлкөбүздөгү жакшы ийгиликтердин бири болуп калды.

Жол көп жылдардан бери анча-мынча жаз, күз айларында кароодон өткөрүлгөндүгү гана болбосо дээрлик алтымыш жылдын чамасында азыркы калыбындагыдай оңдолгон эмес. Муну азыркы муундун улуу жаштагылары жол менен дайым сапарда болгондордун эс тутумунда сакталып турганын көөнөрбөс көмүскө деп айтуу кыйын.

Соңку учурларда жолдун абалы боюнча көпчүлүк тарабынан канкуулаган кептер көбөйгөн болучу. Жол качан оңолоор экен, качан сапарга чыксак, сапардан кайтсак жолдун көйгөйү санаалаш болгондон качан арылат экенбиз деген санаа жургташтардын, Кара-Кулжа чөлкөмүнө ар кандай сапарлар менен келген коноктордун да дардабесин өйүгөндүгү жашыруун болбой калган. Ар нерсенин учуру келгенде убакытка карабай уюткулуу ишке айланаары аталган жолдун эл керегине берилгенде чөлкөмдүн элинин кубанычы ченемсиз деңгээлге



жетти. Мындай пафосту айтуу татыктуу болуп турат. Жол кыска мөөнөттө жогорку сапатта бүткөрүлгөндүгү менен көпчүлүктү кубандырды.

Өзгөн-Мырза-Аке-Кара-Кулжа жолун өткөн 2024-жылдын жаз айларында Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин төр агасынын оорун басары-Улуттук коопсуздук кызматынын төр агасы Ташиев Камчыбек Кыдыршаевичтин Кара-Кулжа районунун Карагуз чөлкөмүндөгү эл менен болгон жолугушуусунда жолду оңдоо маселеси эл тарабынан сураныч катары коюлган болчу. Андагы элдин өтүнүчүн өлкө башчысы өтө маңыздуу кабыл алгандыгынан жолду жаңы нукка келтирүү иштери 2025-жылдын жаз айларынын алдында катуу темпте башталган. Жолго мамлекет тарабынан каржылык ресурстары жетишээлик деңгээлде каралган соң, иш өтө уюшкандыкта жанданган. Жолдун сапаттуулугун, ишти уюштуруунун таасиринде жол курулуш эрежелеринин илимий түрдө алынып баруусуна да катуу көзөмөл коюлган. Иш алгач башталганда эле темп-ыргагына жоопкерчилик күчөтүлгөн. Ошондон тарта жолду куруу боюнча иштин солгундоосуна жол берилбей аталган жолдо жүздөй кубаттуу жаңы техникалар тартылуу менен үч жүздөн ашык инжинердик-техникалык кызмат керлер, жумушчулар жайдын аптабында күжүрмөндүүлүк менен иштешти. Мындан сырткары УКМКнын төр агасы Ташиев Камчыбек Кыдыршаевич тарабынан иштин жүрүшүнө катуу көзөмөл болгондугунун таасиринде жол жетинин бири кызыр дегендей жети айдын жүзүндө өлкөнүн эгемендүүлүк күнү 31-августа Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нугожоевич Жапаровдун катышуусунда Кара-Кулжа элинин, жалпы коомчулуктун алдында кызыл лентасы кыркылды. Жолдун ачылышы Кара-Кулжа журтчулугуна зор сыймыктанууну алып келди. Өлкө башчысы Жапаров Садыр Нургожоевич жолду ачуудагы эл алдында сүйлөгөн сөзүндө "жол жакшылыктын жолу болсун" деген баалуу тилектерин айтуу менен мындай иштер мамлекеттин экономикасынын өнүгүү жолуна түшкөндүгүнүн таасиринде болуп жаткандыгын белгиледи.

Жолдун оңдоо иштери 34 чакырымды камтыды. Анын Өзгөн шаарын аралай өткөн бөлүгү төрт паласалуу болду. Жол жээктерине бетон арыктар коюлду. Жөө жүрүүчүлөргө ыңгайлуу болуш үчүн жолдун эки жээги тратуарлар менен коштолду. Жолдун Өзгөндөн-Кара-Кулжага чейинки бөлүктөрүндө жол эрежелерине ылайыктуу белгилер, жол сызыктары чызылуу менен түнкү жарыктандыруулары да кошо коюлду. Азыркы учурда жол толук пайдаланууга берилди. Мурда Кара-Кулжа-Өзгөн аралыгын бир жарым, эки саатта басып өтсө, учурда бир саатка жетпеген убакытта Өзгөнгө кирип барганына унаа айдоочулар менен кошо сапар алгандар да кубануу менен өлкө бийлигине терең ыразычылыгын билдиришүүдө.

**Кубанычбек Ибраимов**
**Кара-Кулжа райондук ардагерлер кеңешинин президиумунун мүчөсү**

**Билим**

# Окуучулар эл аралык стандарттарда окушат

**Быйылкы 2025-2026-окуу жылынан баштап Кыргызстанда12 жылдык мектептик билим берүүнүн алгачкы этабы башталды. 12 жылдык билим берүүгө өтүү келечек ээлерине сапаттуу билим берүүнү көздөгөнү жана этап -этабы менен ишке ашаары маалым. Бул багытта өлкөбүздүн мектептеринде окуучулурга билим берген мугалимдер да тиешелүү даярдыктан өтүштү. Бүгүнкү күндөгү дүйнөлүк тенденциялар өлкөбүздөгү билим берүү системасын өзгөртүүнү талап кылууда. Андыктан Кыргызстандын билим берүү системасы заман талабына ылайык 12 жылдык билим берүү моделине өтүүдө.**

Маалым болгондой, Кыргыз Республикасынын агартуу министрлиги 12 жылдык мектептик билим берүүнү этап-этабы менен киргизүүдө. Кайталап кетсек, Кыргызстандагы билим берүү системасын трансформациялоо – бул окуучуларды учурдун талабына жооп берген сапаттуу билим менен камсыз кылуудагы кадам болуп саналат. Мектептик билим берүүнүн жаңы мамлекеттик стандарты, предметтик стандарттар, окуу программалары жана окуу китептери иштелип чыгылышы да белгилүү, алардын максаты мектептик билим берүүнүн мазмунун сапаттуу өзгөртүү болуп эсептелет.

КР агартуу министрлигинин мектеп, мектептен тышкаркы жана кошумча билим берүү башкармалыгынын башкы адиси Дооталиева Жанаранын билдирүүлөрүнө ылайык, бул өзгөртүүлөрдүн алкагында мугалимдер практикалык багыттагы технологияларды биринчи кезекте STEM программасынын алкагында өздөштүрүшүүдө. Бул технологиялар ийгиликтүү билим берүү системасы бар өлкөлөрдө кеңири колдонулат. Математика, табият таануу, физика, химия, биология жана англис тили боюнча окуу материалдары бардык класстар үчүн тиешелүү түрдө толугу менен жаңыртылат.



Жаңы окуу материалдары бул окуу-методикалык комплекстер экенин, аларда окуучулар үчүн окуу китеби жана жумушчу дептер, аудио жана видеоматериалдар жана мугалим үчүн методикалык колдонмодон турары да маалым болду. Мурда окуу китептери татаал академиялык тилде жазылса, азыр алар практикалык билимге, заманбап техникага багытталганы айкындалды.

Бул окуу китептери маалыматты жөнөкөй жаттоону талап кылбайт жана интерактивдүү тапшырмалардын эсебинен окуучулардын өз алдынчалыгы менен критикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууга жана мотивациясын жогорулатууга шарт түзөт.

Мындан тышкары, жаңы окуу китептери мамлекеттик жана эл аралык билим берүү стандарттарына жооп берет. 2025-жылы мамлекет тарабынан окуу китептерин чыгарууга 744 млн. сом каралды. 2025-2026-окуу жылында төмөнкү окуу-методикалык комплектер басылат:

- "Англис тили" (3-9-класстар үчүн) – жалпы тиражы 2,34 млн. нуска, 350 млн сомдон ашуун суммага;
- "Математика" (1, 2, 5, 8 – класстар үчүн) – жалпы тиражы 1,4 млн. нускага жакын, суммасы 200 млн сомго жакын;
- "Табият таануу" (1, 2, 5, 8 – класстар үчүн) – жалпы тиражы 1,4 млн нускага жакын, суммасы 200 млн сомго жакын.

Бүгүнкү күндө англис тили, математика жана табият таануу боюнча жаңы окуу китептери сатылып алынып, которулду жана Кыргыз Республикасында колдонуу үчүн адаптацияланып жатат. 2026-2027-окуу жылында математика, табият таануу, химия, биология, физика жана астрономия боюнча окуу китептери, 2027-2028-окуу жылында математика, химия, биология, физика жана астрономия боюнча окуу китептери жарык көрөт.

Ошондой эле тиешелүү адистердин билдиришинче, окуу китептеринин саны муктаждыктарга толук жооп берерин жана тартыштык болбой тургандыгын баса белгилөө керек. Окуу китептери базарларда сатылбайт – алар бардык мектептер үчүн акысыз. Окуу китептеринин жарымы ижарасыз берилет, калгандарына символикалык төлөм каралган. Бардык китептер коррупциялык тобокелдиктерди жокко чыгаруу максатында мамлекеттик "Учкун" басмаканасында басылып чыгат.

Тиешелүү адистердин айтымында, жаңы китептердин артыкчылыктары бар. Алар дүйнөлүк билим берүү практикаларына жана глобалдык стандарттарга негизделген. Окуу процесси сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө багытталган. Маалыматты жаттоо эмес, түшүнүү жана талдоо негизги орунда. Практикалык тапшырмалар жана лабораториялык иштер реалдуу жашоого жакындатылган. Билимди баалоо талкуу, анализ жана окуучулардын тыянагы аркылуу жүргүзүлөт. Сабактар интерактивдүү жана кызыктуу болуп, оюн ыкмалары жана топтук талкуулар менен байытылат.

Окуу материалдары санарип платформалар жана мультимедиалык ресурстар менен толукталат. Заманбап чет элдик окуу китептерин киргизүү окуучулардын эл аралык экзамендерге даярдыгын жакшыртат. Жаңы окуу программасы окуучулардын жоопкерчилигин, аналитикалык ой жүгүртүү жөндөмүн жана турмушта керектүү көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам бериши айтылууда.

Негиздеп айтканда, жаш жеткинчектерибиздин бактылуу келечеги үчүн мыкты жана терең билим зарыл. Татыктуу билим алуу мүмкүнчүлүгү жаралып, 12 жылдык билим берүү этап –этабы менен ишке ашса, бул процесс ийгиликтүү жүз берсе заман талабына шайкеш келээри анык. Окуучуларыбыз каалоосуна жана алган билим даражасына ылайык, ар бири кесиптик багыт багыт алса – бул өзүнчө жетишкендик болмокчу. Шыгына жана кызыгуусуна жараша гуманитардык, табигый, техникалык жана башка багыттарды тандоо мүмкүнчүлүгү бар экенин белгилеп кетүү керек. Окуучулардын эл аралык стандарттарда билим алышына шарттар жаралганы бул-жетишкендик болуп саналат.

**К.Кыдыралиева.**

# “МЕДИГОСТОГУ” МЭЭРИМДҮҮ АК ХАЛАТЧАНДАР



***Абдыкеримов Марсель Исманович** 1988-жылы 11-сентябрда Ноокат районундагы Исанов айыл өкмөтүндө интеллигенттердин үй-бүлөсүндө туулган. “Ноокат билимканасы” лицейинен аяктаган соң Ош мамлекеттик медициналык институтуна тапшырат. 2011-жылы жогорку окуу жайын аяктап, врач-травматолог адистигине ээ болгон.*

*2011-2015-жылгы чейин “Барын” ЧБЖБда УЗИ дарыгери кызматында эмгектенген. 2015-жылдан бери Ноокат райондук ЖДПБнын сынык- жараат бөлүмүндө травматолог дарыгери болуп иштеген. 2023-жылдан бери “Медигос” үй-бүлөлүк медициналык борборун жетектеп келатат. 2015-2010-жылдары Ноокат райондук Кыргыз –Ата айыл өкмөтүнүн жергиликтүү кеңешинин депутаты, 2020-2025-жылдарга Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн жергиликтүү кеңешинин 2-чакырылышынын депутаты болуп шайланган.*

*Райондук, облустук, республикалык деңгээлдеги сыйлыктарга татыктуу болду. 2015-жылы “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери” болду, ЖКтин медалы менен сыйланды. 2018-жылы КРнын “Саламаттыкты сактоонун мыктысы” медалы менен сыйланган.*

*Үй-бүлөлүү, 2 уулдун 1 кыздын атасы. Өмүрлүк жубайы Эргешова Наргиза “Барын” амбулаториясында акушер-гинеколог, УЗИ дарыгери кызматында эмгектенет. Атасы Абдыкеримов Исман Айдарович көп жылдар бою акушер-гинеколог дарыгери болупэмгектенсе, апасы Ураимова Мукарам Нурматовна көп жылдар бою “Барын” ЧБЖБнун үй-бүлөлүк дарыгери болуп үзүрлүү эмгектенди.*

“Медигос” үй-бүлөлүк медициналык борбору (ҮБМБ) Ноокат шаарынын борборунда жайгашкан. Учурда аталган медициналык борборуна караштуу 28 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 56 ФАП элдин саламаттыгы үчүн иштөөдө. Үч кабаттуу медициналык борбордо кардиолог, эндокринолог, хирург, онколог, невропатолог, тиш дарыгери, көз дарыгери, тери-венеролог, эпидемиолог дарыгерлери элдин саламаттыгын сактоодо кам көрүшүп, иштеп келе жатышат. Материалдык-техникалык базасы жакшы. Рентген, флюорография каанасы, клиникалык, биохимиялык, бактериологиялык, лабораториялары, УЗИ, физиотерапия, физкультура кааналары бар. “Медигос” ҮБДБнун медиициналык кызматкерлери тарабынан калкты тейлөө иштери жакшы жолго коюлган. Кокусунан сыркоолоп калган адамдар үчүн “тез жардам” машинасы ар дайым даяр турат.

“Медигос” ҮБМБ тейлеген пенсионерлердин саны 20 818, жөлөкпул алгандар-1716, 14 жашка чейинки балдар 26088 , өспүрүмдөр-17809, чоң курактагылар-288 546, эркектер-150383, аялдар -177 968, төрөт жашындагы аялдар-72 439ду түзөт. ФОМС тарабынан камсыздандырылгандар 4163кө жетет. Үй-бүлөлүк медицина борборунда 1183 медициналык кызматкерлер эмгектенишет. Жалпысынан алганда дарыгерлердин саны -186.

Жогорку категориядагы дарыгерлер - 20, 1-категориядагылар -9, 2-категорияда -3 дарыгер бар. Ал эми орто медициналык кызматкердин саны- 746. Мунун ичинен жогорку категориядагылар - 160, 1-категориядагылар -26, 2-категорияда 6 кызматкер, 157 кенже кызматкер бар.

Калкка медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн мамлекеттик программалардын аткарылышын камсыз кылууда максаттуу иштерди аткарылып жатышат. Ноокат УБМБ тейлеген аймакта калктын саны- 327633, 14-жашка чейинки баланын саны-110315. Анын ичинен 5-жашка чейинки балдардын саны-36706, ал эми анын ичинен 1-жашка чейинки балдардын саны- 6446.



Пневмония оорусу менен катталган балдардын саны-544. Аз кандуулук менен каттоодо турган балдардын саны-918 болсо анын ичинен 1 жашка .чейинки балдардын саны-246.

Медкызматкерлер тарабынан көрүлүп, рецепттер жазылып берилди. Быйылкы жылы 6-айдын ичинде 1798 бала төрөлдү, алардын баары төрөт үйүнөн чыккандан кийин үй-бүлөлүк дарыгерлер тарабынан көрүлүп, багууга кеткен балдар башка участкага өткөрүлүп берилүүдө.

Балдар арасында кызамык оорусу көбөйүп жаткандыктан калк арасында мектептерде, бала бакчаларда оорунун алдын алуу максатында түшүндүрүү, санитардык агартуу иштери жүргүзүлүп жатат.

Мектептер менен бала бакчаларда балдардын эмдөөсү боюнча Ф-063 баракчасы салыштырылып, эмдөөдөн баш тарткан балдардын ата энелери менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, эмдөөлөрү жасалды.

ҮБМБда энелердин жана балдардын өлүмүн кыскартуу, репродукциялык саламаттыкты сактоо жана үй-бүлөнү пландаштыруу иш –чаралары жүргүзүлүүдө. Алыскы айыл- кыштактарда жашаган эл арасында, айрыкча, калктын аялуу катмарына жана жооптуу үй-бүлөлөргө репродукциялык саламаттыкты сактоо: үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча медициналык кеңеш берүү иштери адис дабагерлер тарабынан жүргүзүлүүдө.

ҮДТда үй-бүлөлүк даарыгерлер жана мед. айымдар өзүнүн участкасында кош бойлуу аялдардын 12 жумалыкка чейин көзөмөлгө алышат. Алар кош бойлуу аялдардын өз убагында дарыгер кабылына келишип жана дабагер дайындоосун аткарылышын көзөмөлдөйт. ҮДТдагы үй-бүлөлүк даарыгерлер жана мед.айымдар үй-бүлөөнү пландаштыруу боюнча калктын маалыматы 72% көрсөткүчтү түзөт.Ар бир ҮБДБда кош бойлуу аялдардын "Кош бойлуу жана төрөөчү аялдын өздүк китепчеси" клиникалык протоколдун негизинде толтурулуп жатат жана сапат жана коопсуздук комитети тарабынан акушеркалардын билимин текшерүү жолго коюлду.

Ноокат УБМБнун медицина кызматкерлери райондубуздун Ноокат шаары, Мирмахмудов, Гулистан, Кыргыз- Ата, Кара- Таш, Жаны -Ноокат, Зулпуев, Кеңеш, Исанов, Көк - Бель, Бель, Кайрагач, Кулатов, Кок -Жар,-Төөлөс айыл аймактарында жашаган 304814 калкына медициналык кызмат көрсөтөт.

Ноокат районуна караштуу Ноокат УМБда 28 УДТ,54 ФАП иштейт

Жугуштуу оорулардын алдан алуу үчүн максаттуу топтогу жарандарга 2024- жылга 51169 болсо, 2025- жылы максаттуу топпу 50786 жаран түздү.

КР ССМдин № 276, 1131 буйругунун негизинде календардык эмдөөлөр жүргүзүлөт. Акыркы 2 жылдын ичинде календардык эмдөөлөргө киргизилип, календардык пландуу эмдөөлөр ишке ашып жатат.

Белгилесек, 2024-жылы үй-бүлөлүк дарыгерлер, медайымдар, эмдөө медайымдарына 14 семинар -сабактар уюштурулуп, аттестациядан өтүштү. 2025-жылы 5 жолу Нокаат ҮБМБда семинарлар өтүлдү. «Иммунопрофилактика» «Кызамык жана кызылча оорусу», “Көк жөтөл» жана башка темалардын астында семинар болуп өттү.

**Б. Ысакова.**

# Эми Жалал-Абад – “Манас” шаары деп аталат

**Ушул жылдын 3-сентябрында, Жалал-Абад шаарынын мэри Эрнисбек Ормоков шаардык кеңештин сессиясында калаанын атын “Манас” шаары деп өзгөртүү сунушун берди. Мэриянын маалымат кызматы жарыялагандай, аталган сунушту депутаттар бир добуштан колдоп беришти. Эми шаардын атын өзгөртүү боюнча мыйзам долбоору Жогорку Кеңешке жөнөтүлөт. Алар жактырып, Президент кол койсо, мыйзам күчүнө кирет.**

**Алдыда ушул маселенин алкагында сөз кылабыз.**

## Имиштер реалдуулукка айланганда

Жалал-Абад шаарынын атын өзгөртүү демилгеси мурдатан эле көтөрүлүп келген. Өзгөрөт экен деген имиштер акыркы келип, реалдуулукка айланды. Убакты сааты чыкпай жүрүп, акыры мынтип, азыркы бийликтин тушунда өзгөртүү чечими кабыл алынып отурат.

Буга чейин өзгөртсө ушул атылайыктуу болот деп бир канча варианттар сунушталган. Анын ичинде “Көк-Арт” деп атайлы дегендер да болгон. Бирок мындай сунуштардын бири да колдоо таап, коомчулукту бир пикирге келтире алган эмес.

Азыр эми “Манас” деп атала турган болду. Аны Жалал-Абад шаардык кеңештин эл шайлаган депутаттары колдоп беришти. Бул чечимди коомчулук кызыгуу менен талкууга алды. Пикирлер ар кандай. Айрымдар колдоого алышса, кээлери каршы пикирлерин билдиришти. Албетте ал мыйзам чөнемдүү көрүнүш.

Пикирдердин арасында, акын Улукбек Омокеевдин жазганы жөндүү көрүндү. Ал мынтти: “Соңку мезгилде адам аттарын өрөөн-шаарларга коюу адатка айланып баратат. Ар бир аталыш тарых. Колдон келсе, тарыхчылар, аймак таануучулар, этнографтан, тилчилер, санжырачылар менен кеңешип, тээ илгерки аталыштарды кайра коюу максатка ылайык болмок”,-деди.

Ооба, Улукбек айткандай, кыргыздар жер-суулардын аттарын адам аттары менен атаган эмес. Атаса да кайсы бир иши баяндалып коюлган. Мисалы: “Алиш учкан”, “Чырак тосмо” (Кара-Кулжа районунда), “Кожо бакырган сай” (Лейлек районунда), “Ноорузбай Бугу Атчу” (Тогуз-Торо районунда) деген жерлерди билебиз. Ал аталыштарды изилдеп келсең кайсы бир окуянын ушинтип учугу чыгат.

Жалал-Абад шаарынын атын кандай аталышка болбосун, эмнеси болбосун алмаштырыш керек деген менде жеке ой жашап келген. Менин ички мүдөөм максатына жетти десем болот.



## Жалал-Абад кантип аталып калган?

Негизи Жалал-Абаддын аты кантип Жалал-Абад болуп аталып калганы тууралуу эл оозунда уламыштар көп. Дээрлик баарында Жалал аттуу кишинин аты менен байланышкан.

Кеңеш Усенов жана Гүлжамал Токтогулованын “ЖаМУ – Кылым карыткан сапар” аттуу китебинде айтылгандай, «Абад» термини перс (фарсы) тилинде «жер», «адамдар жашаган жер» маанисин билдирет. «Желал» - урду тилинен перс жана араб тилине которулганда «даңк», «атак», «кадыр», «улуулук» дегенди билдирет. Демек, бул аталыш кыргыз тилинде «атактуу жер», «даңктуу жер», «кадырлуу жер» же «улуу жер» же болбосо, «Жалалдин атынан коюлган жер», – десе болот.

Жогорудагы аталган китептеги жазылган уламыштардын биринде – шаардын аталышын Хорезмдин акыркы шахтарынын бири Желал ад-Дин Мангубердинин (1199–1231-жж.) ысымы менен байланыштырышат. Анда Чыңгызхандын аскерлери Хорезмди басып алганда (1221-ж.) кийин Жалал ад-Дин теңсиз салгылашуудан кийин Афганистандан качып өтүүгө үлгүрөт жана Кабул дарыясы өрөөнүндө аскер



чогултуп, алар менен Гиндукуш тоолорунан ашып, Кокарт өрөөнүнө чыкканы айтылат. Ал он жылдай моңгол баскынчылыгына каршылык көрсөтүп, кандуу кармаштардын биринде Күртсанда курман болот. Ошентип, Желал ад-Диндин курман болгон жана Ооганстандагы аскер топтогон жерлеринде Жалал-Абад шаарлары негизделген.

Экинчи уламышка ылайык,



шаардын пайда болушу курорттун тарыхы менен тыгыз байланышып, анда азыркы курорттун ордунда XVIII кылымдын экинчи жарымында дарылык касиетке ээ булактарды бай, саздак жерде Кокон хандыгы үйү (дачасы) болгон. Дачаны Жалал атуучу катчы башкарып, ал азыркы Өзбекстандын аймагынан жерге муктаж 40 үй-бүлөнү көчүрүп келген жана аларга чүчүкулак менен саздак жерлерди бөлүп берген. Алардын милдети ошол жерди жашоого, дыйканчылык кылууга, боло тургандай кылып өздөштүрүү болгон. Кичинкерээк “Жалал жакшы өздөштүргөн айыл же Жалал-Абад”,-деп атала баштады делет.

Ал эми жорудагы аталган китептен сырткары, эл оозунда айтылган дагы бир уламышка токтоло кетели. Анда мынтип айтылат: илгери Өзбекстандын Коргон-Төбө аймагындагы айылдардын биринен куулган Жалал аттуу котур бала апасы менен Айюп-Тоого келип, бир булактан колун жууса, айыккан имиш. Ушундан улам ушул жерди жердеп, тал-терек эгип, жашап калышат. Кийинчерээк Мырзакул болуш: “бул жерди абад кылып жиберипсиң”,-деп, жерди ошол балага берген имиш. Кийин Жалал-Абад деп аталып калган дешет.

Ошентип Жалал-Абад шаарынын аталышы – баары келип эле адамдын атына байланыптыр. Дагы бир уламышта Аюб пайгамдардын аты да аталат.

## Цифралар жана фактылар

Шаардык мэриянын расмий сайтындагы маалыматтарга ылайык, Жалал-Абад шаарынын түзүлгөндүгү жөнүндө расмий документтерде 1877-жылы октябрь айы деп көрсөтүлгөн. Тастыктап айтканда, 1877-жылы Жалалабат шаар статусуна ээ болгон. Шаар тарыхына токтолсок 1924-1926-жылдары округун, 1926-1928-жылдары аймактык административдик, 1939-1959-жылдары облустун борбору болгон.

Ал эми 1991-жылдан баштап Жалал-Абад облусунун борбору болуп саналат. Депутаттардын Жалал-Абад шаардык Кеңешинин 2007-жылдын 8-августундагы кезексиз XXIX сессиясынын №2 токтому менен Жалал-Абад шаарынын эмблемасы, туусу бекитилген.

1870-1936 жылдар — Джаляль-Абад (Россия географиялык коомунун Туркестан “Кабарлары” бөлүмүнүн 1900 жылдагы маалыматында Андижан уездинин Джаляль-Абад болуштугунун Джаляль-Абад айылы деп белгиленген) административдик-аймактык бөлүнүшү боюнча расмий справочникте 1935-жылдын 1-сентябрына карата традициялык Джаляль-Абад аталышында жазылган. Кыргыз АССРинен республика болуп өзгөргөндөн кийин РСФСР курамынан чыкканда Шаар аталышына орфографиялык өзгөртүү киргизилген.

2002-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2002-жылдын 28-июнундагы “Кыргыз тилининин орфографиясынын жаңы редакциясында” № 830-11 токтому менен “Жалалабат” деп өзгөртүлгөн.

2008-жылдын июнь айында кайрадан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өлкөдөгү калктуу конуштардын аталыштарын дефис менен жазуунун ордуна келтирүү токтомуна ылайык “Жалалабат” кайрадан “Жалал-Абад” деп аталып калган.

Шаардын өнүгүүсү 1915-жылы Андижан-Карасуу-Жалал-Абад темир жолун участкасын ачуу менен башталган, 1924-1925-жылдары Жалал-Абад педагогикалык техникумунун уюштуруу менен 1920-1940-жылга чейин сабатсыздык менен күрөш болгон. 1961-жылы Драм театр курулган.

1991-жылы Жалал-Абад шаарына облустун борбору статусу берилген. 2007-жылдын 19-октябрында Жалал-Абад шаарынын 130 жылдыгы белгиленип, шаар “Данакер” ордени менен сыйланган.

1993-жылдын 31-августунан бери Жалал-Абад шаарын 15 мэр башкарган. Учурдагы шаар мэри Ормоков Эрнисбек Абдижалилович 2020-жылдын декабрь айынан бери иштеп келет.

1926-жылы Жалал-Абад шаарында 9657 адам болуп, алардын 1200ү сабаттуу болгон. 2017-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгында шаардын калкынын саны 159 997 адам деп көрсөтүлгөн.

## Борбор болууга акысы бар

Азыр коомчулукта Жалал-Абад шаарын Кыргызстандын борбору кылса болот деген сөз аралап жүрөт. Кези келгенде имиштен реалдуулукка өтүү деле бир кадам болушу мүмкүн. Борбор болууга толук мүмкүнчүлүк жана шарт да бар деп ойлойм. Анткени, эң негизги маселе бардык аймак борборго жакындамак.

Биринчи кезекте географиялык жайгашуусу өзгөчө маанилүү. Жалал-Абад облусу өлкөнүн так ортосуна жакын жайгашкандыктан, түндүк менен түштүктү бириктирген көпүрө боло алат. Бул жагдай жолдордун, темир жолдордун жана авиациялык каттамдардын өнүгүшүнө да ыңгайлуу шарт түзөт.

Экинчиден, шаар өнөр жай, соода жана айыл чарба жагынан чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ. Аймактагы кен байлыктар, таза суу жана кеңири айыл чарба аймактары улуттук экономиканын өсүшүнө салым кошо алат. Борборду ушул жакка которуу менен региондор аралык тең салмактуулукту камсыз кылуу да мүмкүн.

Үчүнчүдөн, Жалал-Абад шаарында билим берүү, медицина жана маданият тармактары тез өнүгүп келе жатат. Университеттердин, колледждердин жана илимий борборлордун болушу жаңы борбордун интеллектуалдык базасын бекемдейт. Бул өз кезегинде жаштарды өлкө ичинде калтырууга жана жаңы муунду тарбиялоого шарт түзөт.

Эң негизги маселе – элдин колдоосу. Эгерде коомчулук чындап эле Жалал-Абадды борбор катары көргүсү келсе, анда бул идея акырындап мамлекеттик деңгээлге чыгып, конкреттүү чечимдер менен коштолот. Демек, бүгүнкү имиш эртеңки чоң өзгөрүүлөрдүн башаты болушу толук мүмкүн.

**Асанбек Каракозуев**
**“Ош жаңырыгы” гезитинин башкы редактору**

# Ырдын пири- Рыспай
# Айта берсе сөз түгөнбөйт го ов!

Ырчы жана обончу Рыспай Абдыкадыров 1941-жылы 12-январда Кара-Кулжа районунун Кызыл-Булак айылында туулган. Бала кезинен музыкага шыктуу Рыспай Абдыкадыров 1963-жылы Оштогу педагогикалык окуу жайын бүтүргөн. Ал эмгек жолун Кара-Кулжа элдик театрында, Жалал-Абад театрында баштаган. Ошол жерде иштеп жүргөн мезгилде кургак учук оорусуна кабылып, оорусуна байланыштуу борбордогу филармонияга келип иштеп калган.

Кыргыз музыка дүйнөсүндө чоң из калтырган атактуу обончу, аткаруучу Рыспай Абдыкадыров "Алмашым", "Түгөйүм", "Сагынуу", "Издейм сени", "Алтынчы күнү кечинде", "Жүрөктү кетпе жаралап" деген ырлары менен калың элдин катмарына сиңип, улуу-кичүүнүн жүрөгүнөн орун алган. Заркар композитор 360ка жакын обон жаратып, чыгармаларынын 126сы калк арасына тарап, айрым обондор кыргыз музыкасынын Алтын фондуна алынган.

1988-жылы Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти деген наам алган. Рыспай Абдыкадыров 1994-жылы 12-сентябрда 53 жашында көз жумган.

Анын ысмы Ош филармониясына, Кара-Кулжадагы музыкалык окуу жайына жана Оштогу ири көчөгө ыйгарылган. 1997-жылы 12-январда Сулайман-Тоодогу ырчынын бейитине эстелик коюлуп, кийин Ош филармониясынын алдына эстелиги орнотулган. Ырдын пири Рыспай Абдыкадыров көзү тирүү болсо 84кө чыкмак... Ал жөнүндө айта берсе, сөз учугу түгөнбөйт го, ов!

Рыспай агабыздан арабыздан кеткенине отуз бир жыл өтсө да, ал жөнүндө айтылган эскерүүлөрдүн, сөздөрдүн баа-баркы улам жогорулап, анын кадыр-баркы улам жогорулай берет окшобойбу...



## Кайталангыс талант болчу

Бишкекте жүргөндө белгилүү тележурналист, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, котормочу, жазуучу Бөкөнбай Боркеевдин бир тууган эжеси Батма апа менен кошуна жашоочубуз. Ошондуктан Бөкөнбай ага менен жакшы тааныш элек. Көп жерде бирге жүрүп, бирге туруп, узакка чейин маектешип калчубуз. Маркум Б. Боркеев Рыспай Абдыкадыров дегенде ичкен ашын жерге койгон жан болчу. Рыспай аке жөнүндө сөз баштасаң болду, анын аягы чай кайнамды мындай кой, эт бышканча чейин бүтчү эмес...

-Кыргыз музыкасын Атай Огомбаев, Муса Баетов сыяктуу залкарлардан кийин Рыспай Абдыкадыров жаңы серепе чыгаргандыгы айтылып жүрөт. Ыкшоолугубузбу, же көрөңгөбүз, түшүнүгүбүз жете бербейби, айтор, көпчүлүгүбүз Рыспайдын обондору алда канча татаал экендиги тууралуу көп айтпай келебиз. Рыспайдын «Түгөйүм» аттуу обонунан баштап, «Сагынууга» чейинки обондорун кунт коюп уксак атактуу обончунун өмүрү чыгармачылык изденүү менен өткөндүгүн түшөнөсүң. «Түгөйүм» бир добуштан экинчи добушка өтүү мүнөздөгү кичинекей кайрык менен чектелсе да, аны аккердеондо коозодп ойногон түзүлүштөгү обонду пайда кылса, андан кийинки обондору улам татаалдашып чыккан.

Музыка изилдөөчүлөрдүн тили менен айтканда Рыспайдын обондору минордук ладда болгондуктан, анын ырларын каалаган эле адам аткара албайт. Ырдаса да өзү сыяктуу кемелине келтире албайт.

-Жараткан кыргызга кайталангыс таланты берген болчу, анын обондорун бүтүн кыргыз баалап турса да, ошол кездеги караъзгъй атка минерлер тарабынан бут тосуулар болгон, - деп кейип алып, кайра сөзүн уланчу, - Ошто бир чоңдун тою болуп, ага Рыспай Абдыкадыровду чакыртып ырдатышат. Дасторконго эт келип калган маал окшойт, Рыспайдын ырына анчейин көңүл бурулбай калат. Ага ачуусу келген обончу тойду таштап бараткканда чоңдордун кошаматчылары «токто, токто» деп чуркап келишет. Композитор артына бурулбай чыгып кеткен экен.

Көпчүлүктүн көзүнчө бедели сынып калган баягы партиялык чоң Рыспайга көз көрүнөө эле бут тосконун улуу муундагылар жакшы билет. Ошол кезде жаралган обондордун ичинен 20сы эле радиого жазылыптыр. Рыспай Бишкекке келген сайын бирден, экиден телерадиого жаздырып отуруп, мен анын баш-аягы кыркка жакын обонун жазып алгам.

**Сөз аягында Боркеевден:**

-Бөкөнбай аке, тааныштарыңыз сизди «Рыспай» деп аталган көлөмдүү роман жазган деп калышат. Ошол китептин тагдыры эмне болду?-деген суроо узатканбыз. Анын кабагы бүркөлө түшүп:

-Бишкектеги полиграф комбинат 2005-жылы 592 беттен турган «Рыспай» аттуу романымды 2000 нускада насыяга басып чыгарган болчу. Бирок, ошол кездеги чоңдор полиграфкомбинатты атайын банкротко учуратып, «Рыспайдын» 1500 нускасын «Промстройбанкка» күрөөгө кармата беришет. Максим Бакиевдин командасы ал банктын ордуна «Азияуниверсал» деген банкты түзүп, күрөөдө турган китеп тууралуу мага эч ким эч нерсе айткан жок",-деп жооп берген.

Бөкөнбай Боркеев 2017-жылы 10-майда каза болуп, сөөгү Байтикте жерге берилди. Анын зыйнатына катышкандар жазуучунун «Рыспай» аттуу романын кийин сурамжылап көрдүк. Аны так билген адам болгон жок, романдын тагдыры баарыбыз үчүн белгисиз бойдон калды.

***

## «Рыспай акедей болуп катуу чыккан обончу жок»

Кезинде Рыспай агабыз менен ага-ини болуп жүргөн композитор, Кыргыз Эл артисти Түгөлбай Казаков: «Рыспай Абдыкадыров эч кимге окшобогон оргиналдуу композитор. Ал музыкант гана эмес, торгойдун үнүндөй кубулжуган ырчылыгы, аккордеондо мыкты ойноо өнөрү, обонго тексттерди тъп тандоо кудуреттүүлүгү менен айрымаланган. Андай-мындайга айнып кеткен жок. Ушул бир гана өнөрдүн артынан түштү. Анын өтүсүнөн чыкты. Эми Рыспай акедей болуп кийинки отуз-кырк жылда катуу чыккан обончу болгон жок. Өнөрдүн сересинде булбул болуп сайрап турган мындай кишини табыш да кыйын» деген баасын берген.

"Рыспайдын фантазиясы бай, жан дүйнөсүнүн баарын муза ээлеп алган адам болчу" деген сөздү көп угуп жүрөбүз.

## Чет элдик музыканттар да кызыгып жүрөт

Жалал-Абадда уюштурулган эл аралык деңгээлдеги Рыспай Абдыкадыров атындагы клубдун жетекчиси Султан Борошовдун айтуусунда Рыспай Абдыкадыровдун обондоруна чет элдик музыканттар да кызыгып жүрөт. Анын «Сагынуу» обонунун негизинде америкалык Антонио Пааш аттуу дирижер 4 бөлүмдөн турган 45 мүнөттүү симфония жараткан.

Рыспай Абдыкадыровдун обондорун ырдап жүргөн аткаруучулар өздөрү баса белгилеп көрсөтүшкөндөй, анын ырлары өзгөчө үндү, өзгөчө ыкманы, өзгөчө чеберчиликти талап кылат. Төмөндө окурмандарга Рыспай Абдыкадыровдун калк арасына кеңири жайылган "Сагынуу" аттуу ырын сунуштайбыз

## Сагынуу

**Сөзү: Кармышак Ташбаевдики**
**Обону Рыспай Абдыкадыровдуку**

Бүркөк асман жарк дегенде чагылган,
Байкоосуздан жалынына кабылгам.
Бүт эркимди курчап алып махабат,
Жалгыз сенин элесиңди жамынгам.
Азыр мен да ойлоп сени жатамын,
Ошол күндөр бүткөн өңдүү канымдан.
Жымыңдашып жанып-өчүп чырактар,
Али эсимде бирге олтурчу убактар.
Жүрөктөрдүн кагышканын тыңшачу,
Алыс калды алма жыттуу туруктар.
Чертчү эле го түгөнбөгөн күүлөрүн,
Миң кайталап музыкалуу булактар.
Карай берип канча жолу камыктым,
Эстей берип жүрөгүмдү сагынттың.
Асылкечим, келчи менин жаныма,
Издей берип бүт денемди талыттың.
Кадимкидей кучак жайчы жадырап,
Качан болсо мен сен үчүн жарыкмын.
Таппай такыр махабаттын айласын,
Сагындым мен жолукчу күн ай башын.
Мурункудай күтүп жатам азыр да,
Булбул куштун терезеден сайрашын.
Ар убакта жолукчу элек бакчадан,
Айтчы деги асылкечим кайдасың?

**Даярдаган:**
**Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.**

# БАЙЫШ ТӨЛӨНОВ АККА МОЮН СУНДУ



Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, белгилүү журналист, чынчыл чындык үчүн жан үрөп журналистик кесипте элүү жылга тете маңдай терин агызган ЭЛТР телекомпаниясынын коментатору Байыш Төлөнов күтүүсүздөн акка моюн сунду.

Байыш Төлөнов 1950-жылы Ош шаарынына жанаша жайгашкан Жапалак айылында жарык дүйнөгө келген. Ал эл катары аскердик кызматын өтөп келген соң билим алуу максатында Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетинен билим алган. Кийин Ош облустук "Ленин жолу" газетасынын редакциясында кабарчы болуу менен алгачкы журналистик эмгек жолун баштаган. Андан соң 1970-жылдардын башында Ош мамлекеттик телерадио компаниясына коментаторлук кызматка чакырылат. Таланттуу журналистин кесиптик ажары ушул жерде ачылат. Өлкөнүн түштүк аймагын түрө кыдырып жер жерлердеги колхоз-совхоздордо эмгектенген далай эмгек адлынкыларынын ажарын ачкан сүйкүмдүү эл купулуна толгон репортаждарды даярдап көгүлтүр экрандын обосуна алып чыккан. Ал ар бир репортажынын, жазган макалаларынын элге жеткиликтүү болуусу үчүн материалдарынын, мазмунунун тереңдигине өзгөчө маани берген. Анын таланттуулугунун чеберчилиги ушул жааттан даана көрүнгөн. Эл арасында ак ниет эмгектери дайыма жогору бааланган. Кайсыл жерге чыгармачылык командировкага барбасын эл аны кош колдоп тосуп алуу менен журналистин чыгармачылыгына дымак болушкан.

Өмүр деген мердиан сызыгындай бир ныпта өткөн сыяктанганы менен анын татаал сырларында канчалаган тагдыр жатканын нашкүл пенде кечирген өмүрүндөгү сырларын бир өзү билбесе, ал башка пенделерге маалым болчуудай эмес.

Канткен менен пенденин купиялуулугу өмүрдө канча адам айланчыктап жүргөнү менен тагдырдагы жалгыздык өзү менен жашап өтөт бейм. Кезеги келсе өмүрүңдү бер, ажалдан улукмандын улугу да качып кутула албагандыгы чындык сыяктанганын ажал гана тастыктайт тура. Байыш абабыздын артында балдары, кыздары, небере, чебелери жүрөк сыздаган кайгы менен бул тирүүлүктө кала берсе маркум ажалга моюн сунуп адүйнө сапар алып кете берди. Өлүм ак деген ушул тура. Таланттуу журналист, журналистерге акыл насаат айтчу Байыш Төлөновту үй бүлөөсү, иштеги кесиптештери, журтташ туугандары, дос жакындары аны таанып билгендер дайыма эскеришет. Анткени акка моюн сунган Байыш абабыз ушундай киши эле.

**"Ош жаңырыгы" гезитинин эмгек жамааты.**
**КР журналисттер союзунун Ош областык бөлүмү.**

## Конкурс

Ноокат токой чарбасына караштуу 1-кварталынын 1-бөлүндүсүнөн маданий ден-соолукту чыңдоо, рекреациялык жана туристтик максатта, токой ресурстарын кайра өндүрүү багытында конкурс жарыяланат.

**Алтын-Казык токойчулугу**

| к/№ | Пайдалануу багыты | Лот № | Квартал, бөлүнду | Аянты, га |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Маданий ден-соолукту чыңдоо, рекреациялык жана туристтик максатта, токой ресурстарын кайра өндүрүү | 1 | 1-квартал 1-бөлүм | 1,40 |
| 2 | Маданий ден-соолукту чыңдоо, рекреациялык жана туристтик максатта, токой ресурстарын кайра өндүрүү | 2 | 1-квартал 1-бөлүм | 11,0 |

Конкурс өткөрүлүүчү дарек жана конкурс өткөрүү күнү:
Ноокат токой чарбасынын кеңсеси Көк-Жар айыл өкмөтү Жийде айылы
2025-жылдын 6-октябры саат 14-00 дө.
Сурап билүү телефондору: 0778 70 29 80 , 0771 35 72 67
Конкурстук сунуштарды кабыл алуу, жарыя гезит бетине чыккан күндөн тартып, бир ай ичинде жүргүзүлөт.

****

**Филиал «Ош-Датка» ОАО «Айыл Банк» обьявляет о реализации списанных основных средств (ОС) и малоценных быстроизнашивающихся предметов(МБП) по стартовой цене от 17 000,00 сомов:**

| №п-п | Наименование |
|---|---|
| 1 | Компьютерные оборудовании: (упс, мониор, МФУ) |
| 2 | Мебели оборудование: (стулья, шкафы, офисные кресла) |
| 3 | Калькуляторы Citizen |
| 4 | телефонный аппарат “Panasonic” |

Вышеуказанные предметы реализуются полным списком, который можно приобрести по адресу г.Ош, ул.Алымбек Датка 313 «Г». Прием и регистрация заявок претендентов по реализации списанных предметов производится до 15:00 часов «25» сентября 2025г. по вышеуказанному адресу. В заявлении потенциальный покупатель должен указать: Ф.И.О. покупателя, контактный телефон, предлагаемую цену на него и приложить копию паспорта. Вскрытие предложений состоится 15:00 часов, «26» сентября 2025г. по вышеуказанному адресу. Победителями будут признаны претенденты, предложившие наибольшую цену, а при равности предложений, победителями будут признаны претенденты ранее подавшие заявки. Расходы, связанные с оформлением имущества в соответствующих органах несет Покупатель. По всем вопросам можете обращаться по тел: (03222) 7-08-66; (0779) 08-82-83; (0552) 02-35-10;

# Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Россия Федерациясындагы Өкүлчүлүгү Россиянын мыйзамдарындагы өзгөрүүлөр жөнүндө эскертет

Москва жана Москва облусунда миграциялык каттоонун жаңы эрежелери

2025-жылдын 1-сентябрынан 2029-жылдын 1-сентябрына чейин Москвада жана Москва облусунун аймагында визасыз өлкөлөрдөн келген чет өлкөлүк жарандардын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын жарандарын миграциялык каттоого алуу боюнча жаңы эксперименти ишке киргизилет.

Бул экспериментке ылайык, аталган аймактарда чет өлкөлүк жарандардын жүргөн жери боюнча каттоосу (регистрация) мындан ары мобилдик түзмөктөн геолокациясын иштетүү аркылуу жүргүзүлөт.

Алгачкы каттоо көп функционалдуу миграциялык борбордун (ГБУ ММЦ Сахарово) дареги боюнча, ал эми кийинки каттоо чет өлкөлүк жаран жашап жаткан дарек боюнча жасалат.

“Чет өлкөлүк жарандын картасы” (карта иностранного гражданина), медициналык кароодон, манжалардын издерин тапшыруу жана сүрөткө тартуу процедураларынан өткөндүгү жөнүндө документтери бар жарандар өз каттоосун дистанциялык түрдө жүргүзсө болот.

Каттоо тартиби: Чет өлкөлүк жарандар “Амина” мобилдик тиркемени “Rustore” плеймаркеттен жүктөп жана ага катталып, геолокациясын иштетүүсү керек. Геолокациясы ишке киргенден кийин, жарандар өздөрүнүн жүргөн жери тууралуу маалыматты тиркеме аркылуу РФнын ИИМине билдирет.

Эскертүү: Жашаган жерин өзгөрткөндө тиркеме аркылуу РФнын ИИМине жаңы дарегин билдирүүсү керек. Геолокация 3 күн ичинде чыкпаса, Россиядан же Москва облусунан башка аймакка чыгып кеткенде жарандардын миграциялык каттоосу алынаарын эскертебиз!

Көп функционалдуу миграциялык борбору (ГБУ ММЦ Сахарово), бул эксперимент визасыз өлкөлөрдөн эмгектенүүгө келген жарандарга, анын ичинде кыргызстандыктарга 2025-жылдын 1-сентябрынан, ал эми алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө 2026-жылдан тартып колдонуулаарын жана миграциялык каттоосу (регистрация) бүтө элек чет өлкөлүк жарандарга жогорудагы эрежелер алардын каттоо мөөнөтү бүткөн күндөн кийин жайылтылаарын маалымдаган.

Россияда мыйзамсыз жүргөн чет өлкөлүк жарандардын жүрүүсүн 2025-жылдын 10-сентябрына мыйзамдаштыруу

Россия Федерациясынын Президентинин 2025-жылдын 28-апрелиндеги №272 Жарлыгы менен Россияда мыйзамсыз жүргөн чет өлкөлүк жарандардын жүрүүсүн мыйзамдаштырууга 2025-жылдын 10-сентябрына чейин узартылганын эскертебиз.

Россияда мыйзамсыз жүргөн кыргызстандыктар өздөрүнүн укуктук абалын жөнгө салууга милдеттүү экенин билдиребиз!

Кыргыз Республикасынын жарандары өздөрүн Россия Федерациясынын ИИМнин mvd.ru расмий сайтынан мыйзамсыз жүргөн жарандардын тизмесинен текшерип, эгерде өздөрүн тизмеден тапса, Россияда убактылуу болуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө тиешелүү арыз менен Россиянын ИИМнин миграция суроолору боюнча аймактык бөлүмдөрүнө иш берүүчү тарабынан күбөлөндүрүлгөн эмгек же жарандык-укуктук келишимдин көчүрмөсү менен кайрылып, миграциялык картанын арткы бетине Россияда болуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө белги койдуруусу керек. Ошондой эле, медициналык кароодон, манжалардын издерин тапшыруу жана сүрөткө тартуу процедураларынан өтүп, милдеттүү төлөмдөрдү төлөө талап кылынат. Карыздарды Россиянын Федералдык сот приставдар кызматынын fssp.gov.ru расмий сайтынан текшерсе болот.

Арыз менен кайрылган учурда жарандарга административдик штраф белгиленет, бирок аларга карата административдик чыгаруу чечимдери кабыл алынбайт.

Эскертүү: Россияда болуу мөөнөтүн миграциялык картанын арткы бетине белги койдуруу аркылуу узартпай, ошондой эле манжа издерин тапшыруу жана сүрөткө тартуу процедураларынан өтпөгөн жарандар Көзөмөлгө алынган жарандардын тизмесине киргизилээрин, банктык карталарына бөгөт коюлаары тууралуу Өкүлчүлүк эскертет.

Урматтуу мекендештер, келген өлкөнүн мыйзамдарын сактап, берилген мүмкүнчүлүк менен пайдаланып, укуктук абалыңыздарды жөнгө салууга 2025-жылдын 10-сентябрына чейин тиешелүү аракеттерди көрүүгө чакырабыз!

Кошумча маалымат жана суроолор боюнча Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Россия Федерациясындагы Өкүлчүлүгүнө төмөнкү дарек боюнча кайрылуу керек: Москва ш., Малая Полянкаköч., 7-үй, корп. 5 (метро Полянка), тел.: +7 996 968 98 97; +7 925 030 26 27.

## Жараксыз деп табылсын

1996-жылы Ош мамлекеттик университети тарабынан Калпакова Жумагүл Бөрүбаевнага берилген АВ 10228 номурлуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

В связи с утерей бланки для разрещения грузоперевозок ОсОО “Кемран -Транс”

1. Казакстан 0366971
2. Азербайджан транзит 2220984, 2221041
3. Турция транзит 651271
4. Грузия транзит 220564
5. Иран транзит 1100952 считать не действительным.

## Сынак

Ноокат токой чарбасына караштуу 32-кварталынын 9, 10, 15, 16, 19, 25-бөлүндүлөрүнөн 3,42 га. жер аянтын маданий ден-соолукту чыңдоо, рекреациялык жана туристтик максатта пайдаланууга ижарага берүү үчүн сынак жарыялайт.Сынак өткөрүлүүчү дарек жана конкурс өткөрүү күнү: Ноокат токой чарбасынын кеңсеси Көк-Жар айыл өкмөтү Жийде айылы 2025-жылдын 6-октябры саат14-00 дө.

Сурап билүү тел: 0-778-70-29-80, 0-771-35-72-67.

Сынактык сунуштарды кабыл алуу, жарыя гезит бетине чыккан күндөн тартып бир ай ичинде жүргүзүлөт.

## Кулактандыруу!

Б. Сыдыков атындагы Кыргыз – Өзбек Эл аралык университети 2025-2026-окуу жылына аспирантурага жана PhD докторантурага кабыл алууну жарыялайт. Документтерди кабыл алуу мөөнөтү 2025-жылдын 1-октябрына чейин жүргүзүлөт. Кабыл алуу сынактары 1-октябрдан 5-октябрга чейин жүргүзүлөт.

Дареги: Ош шаары, КӨЭАУ, Г.Айтиев көчөсү 27

Байланыш телефондору: 0 (3222) 5-56-31, 0555837938

**ххх**

ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца Кыргызской Республики» (ОО НОКП КР) в рамках реализации проекта «Early Action Protocol of Heatwave» при поддержке Международной Федерации обществ Красного Креста и Красного Полумесяца приглашает Вас предоставить свое ценовое предложение (в произвольной форме) на возможную поставку оказания услуг по синхронному переводу

## Обьявляет тендер Тендер на оказания конференц услуг.

Приглашения к участию и подробную информацию об условиях проведения семинара можно получить в Ошском Областном филиале ОО "Национальное Общество Красного Полумесяца КР" по адресу: г. Ош, ул Баялинова 3, с понедельника по пятницу с 08:30 до 17:30.

Ваше ценовое предложение в запечатанных конвертах с пометкой «Тендер на оказание услуг по синхронному переводу с 25-26 сентября » должно быть получено до 17:00 часов 18 сентября 2025 года по адресу г. Ош, ул Баялинова 3, Ошский филиал ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца КР».

**ххх**

ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца Кыргызской Республики» (ОО НОКП КР) в рамках реализации проекта «Early Action Protocol of Heatwave» при поддержке Международной Федерации обществ Красного Креста и Красного Полумесяца приглашает Вас предоставить свое ценовое предложение (в произвольной форме) на возможную поставку гостиничных/конференц-услуг.

Обьявляет тендер Тендер на оказания гостиничных и конференц услуг.

Приглашения к участию и подробную информацию об условиях проведения семинара можно получить в Ошском Областном филиале ОО "Национальное Общество Красного Полумесяца КР" по адресу: г. Ош, ул Баялинова 3, с понедельника по пятницу с 08:30 до 17:30.


Ваше ценовое предложение в запечатанных конвертах с пометкой «Тендер на оказания гостиничных и конференц услуг с 25-26 сентября » должно быть получено до 17:00 часов 18 сентября 2025 года по адресу г. Ош, ул Баялинова 3, Ошский филиал ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца КР».

# Аравандын “Достук” газетасы 90 жашта

*Араван райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы “Достук” газетасы өзүнүн 90 жылдык маарекесин райондогу “Алтын-Төр” ресторанында салтанаттуу белгиледи.*

*Салтанатка КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев, Араван райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Данияр Эркимбаев, Аравандын ардактуу атуулу Ахматжан Махамадов, айыл өкмөт башчылары, райондук мекеме-ишканалардын жетекчилери жана активисттер, облус аймагынан келген журналисттер катышыты.*





Салтанаттын алгачкы бөлүгү “Достук” газетасынын таржымалын чагылдырган атайын видеотасма тартууланды. Андан соң, Оштон келген төкмө акын Төрөбай төрт сап ыр төгүп, салтанатты ачып берди. Алгач куттуктоо сөзүнө чыккан район акими Данияр Эркимбаев газетанын коомдогу орду, анын учурагы абалы жана район эли менен биргеликте 90 жылык тарыхты басып өткөн сыймыктуу жолу тууралуу айтып өттү. Ошондой эле, маараке урматына райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасын жана акчалай сыйлыгын ыйгарды.

Кийинки сөзгө чыккан Аравандын ардактуу атуулу, Аравандын уулу, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев “Достук” газеткасына жылуу пикирлерин билдирди. Ал райондо аким болуп турганда редакциянын ишмердүүлүгүнө кайдыгер карабаганын, газета эл менен бийликтин ортосундагы көпүрө экенине токтолду. Райондо жалгыз кыргыз тилдүү газетаны колдоого алуу зарылдыгын эскертти. Нускасын көбөйтүп, кандай жардам керек болсо, аны аябоону жетекчилерге дайындады. Аравандын жүзү болгон “Достук” газетасынын маарекелик урматына өкүлчүлүктүн резервдик фондунан бөлүнгөн каражатты тапшырды.

Салтанаттын жүрүшүндө редакциянын “Достук гезитине-90 жыл” маарекелик төш белгиси газетанын ишине колдоо көрсөткөн жетекчилерге ыйгарылды. Гезиттин редактору Назгүл Өмүрзаковам сөз сүйлөп, төш белгилерди ээлерине такты.

“Албетте, газетанын ишмердүүлүгүнө колдоо көрсөткөн ар бир жетекчинин ишмердүүлүгү биздин эсибизде. Ар бир эмгек жерде калбайт, аны баалай билебиз. Сиздерге ырахмат”-деди Назгүл Өмүрзакова.





Андан соң, жыл башында жарыяланган “Газетанын коомдогу орду” сынагынын жеңүүчүлөрүнө акчалай сыйлыктар жана редакциянын Ардак грамоталары тапшырылды.

Баса белгилей кетчүү нерсе, аталган салтанатка кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал, Кыргыз Республикасынын Эл артисттери Жолболду Алыбаев, алыскы Жалал-Абад шаарынан келген Арзыбек Бедияровдун маарекеге келиши. гезиттин аброюн ансайын ашырды.

Район эли эки легендарлуу инсандардын кубулжуган ырларын угушуп, шаңдуу отурушту. Белгилүү обончу Мурат Сыргабаев, төкмө акын Төрөбай ага, Жалал-Абаддан келген жаш таланттар Барсбек Бедияров, ырчы кыздар, таланттуу жигиттер салтанаттын көркүнө көрк кошуп, жагымдуу обондорду созуп ырдашып, тойдун кубөлөрүнө руханий азык тартуулашты.



Куттукттоо сөзүнө чыккан коомдук ишмер, Аравандын ардактуу атуулу Ахмаджан Махамадов гезиттеги өзгөрүүлөр, редакциянын жанданышы жана чыгармачыл топтун жаңыланышы тууралуу айтып, “Достук” газетасынын маарекесине катышып отурганына сыймыктанып жатканын билдирди.

Сөзгө чыккан аймак башчылары, мекеме-ишкананын жетекчилери “Достук” газетасы аркылуу аткарган иштерин элге жайылтып, мындагы жаңылыктардан кабардар болуп турушканын айтышты. Кандай гана иш-чара болбосун редакция жамааты активдүү катышып, аны элге жайылтууда оперативдүү иштеп жатышканын баса белгиледи. 90 жылдык тарыхты камтыган “Достуктун” мындан аркы иштерине ийгиликтерди каалашты.

Белгилей кетсек, “Достук” газетасында учурда беш кызматкер эмгектенет. Алардын бири 1973-жылдан бери журналисттик чылбырды бекем кармаган Арапбай Серапов агай. Анын тажрыйбасы жана акылмандыгы жаш журналисттерге үлгү жана насаат болуп келүүдө. Ал эми башкы эсепчи Насиба Ахматжанова көп жылдан бери редакциянын финансы булагын башкарып келет. Ал эми Миргүл Юсупова жана Эркеайым Чолпонбаева жаш кадрлар. Алар газетанын дизайнын жасоону, макала жазууну жолго коюп келаткан журналисттер. Ал эми башкы редактор Назгүл Өмүрзакова газета тармагында дээрлик жыйырма жылдан ашуун тажрыйбасы бар журналист айым. Ал азыр да облустук “Ош жаңырыгы” газетасына кабарчы болуп иштөө менен эки чылбырды бирдей кармап келаткан айым. Назүл Өмүрзакова бир жарым жылдан бери “Достук” газетасынын башкы редактору болуп иштеп келүүдө. Ал бул жумушка орношоору менен газетанын нускасын 2700гө жеткирди. Ошондой эле, газетанын беттерин 8 баракка көбөйтүп, борбор калаадан түстүү форматта жума сайын газетаны жарыкка чыгарып келүүдө.

“90 жыл деген бул айтууга оңой, бирок, кылымга жакын убакытты далилдеген чоң дата. 90 жылда кимдер гана редакцияда иштеп кетпеди. Айрымдарынын көзү өтсө, айрым кызматкерлер ардактуу эс алууга чыгышкан. Гезиттин юбилейин сый үстүндө белгилөө максатым көөдөнүмдө уялап келди. Элден бата алып, кан чыгарып, өткөндөрдү эстеп, жакшы бир салтанат уюштурууну пландадым. Жараткан бул ниетимди ишке ашырып, мынтип редакциянын маарекесин район элине тартуулап алганыбызга кубанып отурабыз. Газета учурда калкка кандай керек экенин убакыт өзү далилдеп жатат. Муну жок кылбай, муундан-муунга өткөрүп берүү вазийпасын абийирдүүлүк менен аркалоо башкы максатым”-дейт Назгүл Өмүрзакова.

**Миргүл Юсупова.**
**Араван району.**